# К.АРТЫКБАЕВ – А.ТОКОМБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫН ИЗИЛДӨӨЧҮ

**МУХТАР САТЫБЕКОВ**
*Ж.Баласагын ат. КУУ, доцент*

Кыргыз профессионал адабиятынын баштоочуларынын бири Аалы Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгын изилдеп, анын жекелик өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө кыргыз адабиятына аралашкан бир дагы илимпоз, сынчы, адабиятчы К.Артыкбаев сыяктуу кеңири кайрылган эмес. Тагыраак айтканда «Токомбаев таануу» К.Артыкбаевдин чыгармачылыгындагы бүтпөс тема катары иштелген десек болот.

К.Артыкбаевдин А.Токомбаевдин чыгармачылыгына кызыгуусу студенттик кезинде эле башталганын, тагыраак айтканда К.Артыкбаевдин 4-курста окуп жүргөндө жазган «А.Токомбаевдин Өз көзүм менен» поэмасындагы оригиналдуулук жана типтүүлүк маселелери» деген курстук иши көркөм тажрыйбаларга теориялык жоболор менен талдоо жүргүзүп, жаңыча ой жыйынтыктарын ортого салгандыгы менен көңүлдү бурган. К.Артыкбаев өзүнүн илимий-сынчылык ишмердигинин башталышында эле А.Токомбаевдин поэтикалык тажрыйбасына кайрылганы кокусунан эмес болчу. Анткени К.Артыкбаев сыяктуу илимдин машакаттуу жолуна жаңы түшкөндөр үчүн классиктердин чыгармаларына талдоо жүргүзүп машыгуу – бул жагынан белгилүү бир даярдык менен келүүнү талап кылса, экинчи жагынан изилдөөчүнүн өнөрүн андан ары өнүктүрүп, «татаал операцияларды, жасай билүүсүнө жардамдашмак. Мына ушул мезгилден тартып, акындын чыгармачылыгына таасирленүүсү, кызыгуусу күчөй баштайт. К.Артыкбаев 1956-жылы «Ленинчил жаш» газетасында пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы болуп иштей баштагандан тартып К.Артыкбаев А.Токомбаев менен бетме-бет жолугушуп, адабияттын ар түркүн иштери, элибиздин көп тармактуу маданий мурастарын сактоо жана өнүктүрүү маселелери боюнча бир нече жолу кеңири ой бөлүшөт. Атүгүл, 1960-жылдын 20-сентябрында А.Токомбаев К.Артыкбаевдин алгачкы сын макалалары жана ырлары жөнүндө өзүнүн кат түрүндөгү алгачкы каалоосун жазган. Анда… «Менин азыркы түшүнүгүм боюнча Сиздин шык поэзиядан көрө сында. Сыныңызда эркин ой, кенен түшүнүк, кыраакы байкагычтык бар. Демек, жетилген пикирлериңиз бар. Сындын аркасына түшсөңүз ири изидегичтердин бири болоруңузга мен ишенем», – деген пикирин айтат. Ошентип, А.Токомбаев К.Артыкбаевдин тубаса таланты поэзияда эмес сында экендигин алдын-ала туюп, жаш таланттын келечегине ачык жол көрсөтүп берет.

К.Артыкбаев А.Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгы жөнүндө өзүнүн көзү өткөнгө чейин отузга жакын илимий изилдөө багытындагы эмгектерди жазып калтырып кетти. Алардын ичинен А.Токомбаевдин поэзиясынын көп кырдуу, көп сырлуу жактарын баян эткен «Изденүүлөр жана табылгалар» аттуу монографиясы – адабият таануу илиминдеги акындык чеберчилик маселесин алгач ирет кеңири талдап ачып берген эмгек катары илимий чөйрөдө өтө жогоруу бааланган.

Монографиянын биринчи бөлүгүндө А.Токомбаевдин лирикаларын иликтөөгө алган. К.Артыкбаев А.Токомбаевдин алгачкы чыгармачылык кадамы кандай өзгөчөлүктөргө ээ экендигин ачып көрсөтүүгө басым жасаган. Ал маселени чечүүдө акындын чыгармаларынын жаралуу мезгилиндеги тарыхий, коомдук-социалдык, маданий шартка кеңири токтолгон.

Монографиянын экинчи бөлүгү А.Токомбаевдин поэмалары менен «Таң алдында» романына арналган. Поэмаларды талдоодо К.Артыкбаевдин төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрүн байкоого болот: ал коюлган маселеге адабиятчы, сынчы катары гана эмес жазуучулук шыгы бар, акын катары мамиле кылат. Экинчиден, автор поэмалардын идеялык-көркөмдүк, тематикалык жанрдык өзгөчөлүктөрүн талдоого алып тим болбостон, ошол изилденип жаткан маселеге байланыштуу айрым бир теориялык маселелерди да козгоп, экөөнү удаалаш караштырган.

Кыргыз адабиятынын тарыхында А.Токомбаев татаал, карама-каршылыктуу инсан катары калгандыгы белгилүү. Ал чыгармачылыгы классикалык үлгү делип асмандаган да, анан адилетсиз түрдө жер менен жексенделип (өзгөчө «Кандуу жылдар», «Момия» жыйнагы боюнча) төө бастыга алынган күндөрдү да башынан өткөрдү. Бирок чыныгы искусство катары, акындын мурастары мезгилдин оор сыноосуна туруштук бере аларын, алардын улуттук адабиятыбыздагы алган ордун эч тана албай тургандыгыбызды моюнга алдык. Мына ушул иште, улуу акындын адабияттан өзүнүн татыктуу, калыс ордун айгинелөөдө изилдөөчү катары К.Артыкбаевдин салымы өтө зор болгондугун баса белгилеп көрсөтүүбүз керек.

Ал гана эмес А.Токомбаевдин «Момия» ыр жыйнагы ур тепкиге алынып, колдонуудан алып салуу жөнүндөгү пикирлер мөндүрдөй жаап жатканда да К.Артыкбаев бул процесстен четте туруп калбастан, 1970-жылы аталган жыйнак жөнүндө кеңири рецензия жазган. Анда акындын жогоруда аталган поэтикалык жыйнагына кирген чыгармаларынын күнгөй-тескейине талдоо жүргүзүү менен төмөндөгүдөй акыйкат жыйынтыктоочу пикирин айтат: «А.Токомбаевдин түрмөдө жатканда жазган ырлары граждандык, адамдык, партиялык эң туура позициясы бар акындын чыныгы жүзүн көрсөтүүчү чыгармалар болуп эсептелет. Ал ырлардан поэтикалык бай дүйнөгө ээ күчтүү лиризмди да, тап душмандарына каршы албырттап күйүп турган өткүр публицистиканы да, ички тутанууларга толгон драматизмди да, адам деген атты таза сактоо үчүн күрөшкөн, адамдар үчүн жаны ачып, аларга мээримдүүлүк тилеген чоң гуманизмди да, адам башына түшкөн кыйынчылыктардын эртеңки жарык шооласына ишенген ревалюциячыл оптимизмди да жана акырында большевизмдин жеңишин шарттаган марксчыл-ленинчил акыйкат көз караштı да ачык айкын байкоого болот».

К.Артыкбаев тарыхый фактыларды эске алып объективдүүлүктүн таразасы менен А.Токомбаевдин тегерегинде жүргөн аңыз кептердин эч негизи жок, курулай ушак-айың экендигин далилдеп бере алды. Алсак, эл арасында «өзүнө тең тайлашып чыгып келе жаткан таланттуу акындар Ж.Турусбеков, М.Элебаев, Ж.Бөкөнбаевдерди согушка жиберип көзүн тазалаган» деген сыяктуу айыпталган сөздөр жүрүп келген. Ушундай шартта К.Артыкбаев жазуучу жоокерлердин (ошол эле Мукай, Жусуп, Жоомарт) фронттон А.Токомбаевге жазган каттарын архивден таап, гезит бетине 1970-жылы жарыялашы, А.Токомбаевдин бул иште эч кандай күнөөсү жок экендигин, ошол курбалдаш жазуучуларынын алдында ак экендигин архивдик документтердин негизинде ынанымдуу көрсөтө алган.

Ушундай эле тарыхый фактыларга таянуу жолу менен К.Артыкбаев айтылуу «Үч чындык» аттуу ырдын кээ бирөөлөр айткандай (М: Т.Сыдыкбеков сыяктуу) казактын Букар Жыраусуна эмес, А.Токомбаевдин эле каламына тиешелүү экендигин фактылар аркылуу далилдеп бере алган. Ал эми К.Артыкбаев изилдөөчү катары А.Токомбаев менен К.Тыныстановдун ортосундагы мамилелердин тарыхый чындыгын ачып берүүгө болгон аракеттери улуттук адабиятыбыздын алп өкүлдөрүнүн оош-кыйыш өз ара мамилелерин айкындоодо эң чоң роль ойной тургандыгы өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

К.Артыкбаев өзү белгилеп кеткендей А.Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгы бүгүнкү күндө толук бойдон изилденип бүттү десек жаңылган болоор элек. Азыркы күндө да өтө тереңдебей, бери эле чет жагындагы төмөндөгү маселелерди күн тартибине койсок болот.

Алсак: биринчиден, бүгүнкү күндө акындын «Кандуу жылдар» романынын биринчи вариантын «Таң алдында» аттуу экинчи вариантынан жогоруу кою, же төмөн кою өңдүү пикирлер басма сөз беттеринде акыркы мезгилдерде көп эле кездеше калып жүрөт. Чын эле ушундайбы? Чын эле «Таң алдында» романы идеологиялык таасирдин туткунубу? Бул жөнүндө К.Артыкбаев өз убагында «Изденүүлөр жана табылгалар» аттуу китебинде кыйла эле кеңири токтолуп өткөн. Бирок, азыр бул маселени терең иликтеп, пикирлерди ачык айтууга мүмкүнчүлүк түзүлүп олтурат. Анткени, колдонууга тыюу салынган романдын мурунку варианты тууралуу пикирлерди ачык айтууга ал кезде эч мүмкүн эмес

болчу. Экинчиден, А.Токомбаевдин сынчылык ишмердүүлүгү өзүнчө бир изилдөөнүн объектиси болууга татыктуу.

А.Токомбаевдин жалпы чыгармачылыгын изилдөөдө К.Артыкбаев изилдөөчү катары опол тоодой эмгек кылып кеткендиги белгилүү. Токтогулдун чыгармачылыгын жалпы кыргыз журттучулугуна жеткирүүдө Ж.Бөкөнбаев кандай роль ойносо, А.Токомбаевдин жалпы чыгармаларын калайык калкка кеңири сиңишине К.Артыкбаев андан кем эмес роль ойноду десек болот. Ошондой эле К.Артыкбаевдин акындын чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөрү,тактоолорунун аркасында улуу акынды кара тумандай чүргөгөн мифтерден арылтып олтурат.

Ал адабий тарыхкабы, элдик оозеки чыгармачылыккабы, адабият таануугабы, адабий сынгабы же адабият теориясынабы, айтор, кайсы темага токтолбосун мезгилдин талабына жооп бергидей илимий макалаларды жараткандыгы талашсыз. Мына ушундай багыттагы макалаларында К.Артыкбаев А.Токомбаевге байланыштуу көп маселелеринин ар түрдүү жагдайларын көз жаздымда калтырган эмес.

Жалпы эле кыргыз адабиятында 1916-жылдагы «Үркүн» темасына арнап жазылган чыгармалардын ичинен А.Токомбаевдин акындын талантын дээрлик толук камтыган, анын эпикалык поэзиясынын туу чокусу болуп калган «Таң алдында» романында чагылдырылган окуялар жөн гана үстүртөн кайпактатып өтүп кетүүчү тарыхый окуя эмес. Ал барынан мурда кыргыз адабиятынын 30 жылдык өмүрүн белгилөөчү жана ар бир акынга, жазуучуга сабак болуучу тарых. К.Артыкбаев, аталган романдагы образдардын көркөм иштелишин, мүнөздөрдү, кырдаалдарды, конфликтерди, эл башына түшкөн трагедияны, ал берген сабактарды, улуттук аң-сезимдеги чукул бурулуштарды сүрөттөөдөгү акындын чеберчилигин, жалпы эле романдын көркөмдүк денгээлин талдоого алганда, тарыхий жана көркөм чындыктын өз ара байланышына системалуу, комплекстүү мамиле жасаган.

К.Артыкбаев кыргыз элинин мерчемдүү этаптарын жана чындыкты эпикалык планда камтуудагы акындык чеберчидиктин белгилерин А.Токомбаевдин баардык эле эпикалык чыгармаларынан издей берүү апыртууга жол бергендикке жатат деп эсептейт. Анткени, автордун баардык эле поэмалары (м: «Арууке», «Адашкан адам» ж.б.) бирдей ыкмада, бир денгээлде эмес. Композициялык түзүлүштөрү, көркөм ыкмалары менен каражаттары, образ системасы жана камтыган турмуштук кырдаалды камтуу жагынан «Кытайдагы кездешүү», «Майлыбай», «Менин метиркам» поэмаларын лирикалык поэма деп, ал эми «Өз көзүм менен», «Комуз күүсү» поэмаларын эпикалык баян деп атоого болот. Албетте, К.Артыкбаев муну шарттуу түрдө гана бөлүп жатат. Себеби, акындын ошол эле лирикалык поэмаларын эпикалык касиеттерди, эпикалык баяндарынан лириканын учкул сезимдерин жолуктурабыз. Ошондой болсо да алардагы жетектөөчү стиль К.Артыкбаев бөлгөндөй эки бөлөк касиетке ээ.

Убакыт суудай агып, чыгаан адабиятчы, сынчы К.Артыкбаев агайыбыздан ажыраганыбызга беш жыл болуп калыптыр. Жакындаган сайын тоо бийиктегендей, кыргыз адабиятынын сынынын, көрүнүктүү өкүлүнүн калдайган карааны улам арылаган сайын даана көрүнөт. «Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин» деп А.Токомбаев жазгандай К.Артыкбаевдин эң башкы эстелиги – илимий эмгектери, чыгармалары, китептери. Ал адабий мурастар кылымдар бою илим-билимге умтулган келечектүү жаштар үчүн илимий азык болуп беерринде, ак кызмат кыларында шек жок.